139

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-ж. 30-августу № 247 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында (республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо) коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө" токтомунун 21-пунктунун 3-пунктчасына ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында (республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо) коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги (мындан ары - Тизме) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Агенттиктин жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкарууну координациялоо жана колдоо көрсөтүү бөлүмү:

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына (республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо) жайылтууну камсыздасын;
- буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жиберсин.

3. Аппараттын ишин уюштуруучулук камсыздоо башкармалыгынын финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү, бул буйрукту Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

4. Агенттиктин укуктук камсыздоо бөлүмү расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн

ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Директор** **У.К. Карыпбеков**

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине
караштуу Мамлекеттик кызмат
жана жергиликтүү өз алдынча
башкаруу иштери боюнча
мамлекеттик агенттигинин
2023-жылдын «30»
августундагы №247
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында (республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо) коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын**
**ТИЗМЕГИ**

| № к/к | Мамлекеттик органдын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын функциясы (ыйгарым укуктары) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системдүү (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орто, жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн (борбордук аппаратынын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин аталышы) | Коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундар | Башка мамлекеттик органдарда/ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болушу мүмкүнбү (мүмкүн болсо, кайсы экенин көрсөтүңүз) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кызмат көрсөтүү функциясы** | | | | | | | |
| 1 | Жерлерди жана муниципалдык менчиктин объекттери, турак жай-коммуналдык чарбасын | Жер-тилкелерин, муниципалдык объектерди ижарага же менчикке берген | кырдаалдык | жогорку | Мэриялар, айыл өкмөттөр | Мэр, Вице-мэр, Айыл өкмөт башчысы, жер адиси | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өнүктүрүүдө жана социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү боюнча уруксат функцияларын аткарууда | учурларда келишимдерди түзүүдө.<br>Укук бузуулар Кодексинин негизинде тиешелүү беренелер боюнча протокол түзгөн учурларда. | | | | | органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 2 | Транспорт, анын ичинде жүргүнчүлөрдү ташуучу такси жана жүк ташуучу унааларды лицензиялоо системасынын ишин уюштуруу<br>жеке жактар тарабынан төлөнүүчү лицензия берүү үчүн акча каражаттарын чогултууда.<br>Маршруттук тармакты түзүү жана бөлүштүрүү | Кызмат көрсөтүү укугу үчүн конкурстарды (сынак) уюштуруу жана өткөрүү маршруттар боюнча транспорттун түрлөрү, анын ичинде жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуучу таксилер менен иш алып барууда;<br>- муниципалдык каттамдарды конкурстук негизде ижарага берүү негизинде | кырдаалдык | жогорку | Мэриялар, транспорт башкармалыктары | Мэр, Вице-мэр, транспорт башкармалыктарынын жооптуу кызматкерлер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 3 | Борборлоштурулган канализация системасына суу менен камсыздоо үчүн | Мыйзамсыз канализация түтүктөрүнө кошуу. | кырдаалдык | жогорку | Жылуулук башкармалыктары, Сууканал | Башкармалыктын башчысы жана тиешелүү кызматкерлер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кошууга техникалык шарттарды берүү жана инженердик тармактарга кошуу тартибинде. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү каттоосуз жашаган жана пайдаланган жарандарды, ошондой эле каттоодо турган, бирок жашаган жери боюнча каттоо мезгилинде жок болгон жарандарды аныктоо үчүн аларга бекитилген аймактарды (көп кабаттуу, жеке турак жайларды) текшерүүдө. | Үй-бүлө мүчөлөрүн азайтып жазып коюу тобокелдиги | | | башкармалык тары | | башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 4 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында муктаждыктар үчүн товарларды сатып алуу | Мамлекеттик сатып алууларда | Кырдаалдык | Жогору | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Мамлекеттик сатып алуулар боюнча комиссия | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 5 | Муниципиалдык кызмат орундарына дайындоо, кадрлар резервине киргизүү, аттестациялоо | Кызмат орунга дайындоо, аттестациялоо учурлары | Кырдаалдык | Орто | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Мэр, айыл өкмөт башчысы, муниципалдык мекеме ишканалардын башчылары, | Бул тобокелдик иш органына тиешелүү |

193

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | конкурс өткөрүү боюнча комиссиялар | |
| 6 | Аймактын социалдык экономикалык өнүгүүсүнө жана инфраструктурасын жакшыртуу, жергиликтүү бюджетти жогорулатууда | Социалдык обьектилерин ондоп түздөөгө берилген тендерлер. Чечимдерди, токтомтомдорду кабыл алуу. | кырдаалдык | жогорку | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Мэр, Вице-мэр, аппарат жетекчилер, Айыл өкмөт башчысы, Айыл өкмөт башчысынын орун басары жооптуу катчы, тиешелүү адистер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| **Уруксат берүү функциясы** | | | | | | | |
| 1 | Соода жүргүзүүдө тиешелүү болгон органдардын өзүнө жүктөлгөн функцияларын жүзөгө ашырууда | Чачкынды соодага уруксат берүү | потенциалдуу | жогорку | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Мэриянын айыл өкмөттөрүнүн тиешелүү кызматкерлери | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 2 | Катуу тиричилик калдыктарын таштоочу адамдардын санын (тизмегин) түзүүдө | Үй-бүлө мүчөлөрүн азайтып жазып коюу тобокелдиги | кырдаалдык | орто | Тазалык муниципалдык ишканасы | Муниципалдык ишкананын тиешелүү кызматкерлер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 3 | Жер акы өлчөмдөрүн баалоодо, жер мамилелерин жөнгө | Төлөмдөрдүн көлөмүн төмөндөтүп | потенциалдуу | жогорку | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун | Мэр, айыл өкмөт башчысы, муниципалдык | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | салууда жана укуктук системаны ишке ашырууда. Муниципалдык менчиктерди убактылуу пайдаланууга берүүдө жана башкарууда. | көрсөтүү | | | аткаруу органдары, (Муниципалдык менчик башкармалыктары) | мекеме ишканалардын башчылары, тиешелүү кызматкерлер | алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 4 | Муниципалдык ишканасынын финансылык жана чарба иштерин, чарбалык эсептеги (хозрасчеттук) негизде ишке ашырууда бюджеттик жана чарбалык эсептеги уюмдардын келишимдерин жүргүзүүдө | Иш планын заказдардын, келишимдердин ишке ашырууда | потенциалдуу | төмөн | Жашылдандыруу чарбасы муниципалдык ишканасы | Башкармалыктын башчылары, тиешелүү кызматкерлер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 5 | Турак жай салуу үчүн жер участкаларын берүүдө | Жер бөлүштүрүү учурунда мыйзамсыз жер бөлүп берүү | кырдаалдык | жогорку | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Мер, Вице-мэр, Айыл өкмөт башчысы, Айыл өкмөт башчысынын орун басары, жер адис | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 6 | Жайыттарды пайдалануу, ижарага берүүдө | Жайыттарды убактылуу пайдаланууга берүү учурунда, аукцион өткөрүү учурларында | кырдаалдык | жогорку | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Айыл өкмөт башчысы, жайыт комитетинин төрагасы | Бул тобокелдиктер мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 7 | Жергиликтүү салыктардын өлчөмүн белгилөөдөө жыйноодо | Жергиликтүү салыктардын өлчөмүн белгилөө жана жыйноо учурларында | Потенциалдуу | Жогорку | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | Мэриялардын, айыл өкмөттөрүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчылары жана салык боюнча адистер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |

**Директор** **У.К. Карыпбеков**

146